К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектеби

# Адабий окуу

## 2-класс

## Тема: «Өкүнүч. Көрсө.»

**Мугалим:** Айдыралиева Г.К.

2021-2022-окуу жылы

29 ____11____ 2021 -жыл Сабак Адабий окуу 2 класс

**Сабактын темасы:** *Өкүнүч. Көрсө.*

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр: |
| --- | --- |
| *1)Чыгарма менен таанышып, маанисин түшүнөт. Мугалимдин айткандары боюнча жалкоолук жаман сапаттардын бири экенин түшүнөт. Текстти шар, көркөм окууга машыгат. Суроо-жооп иретинде аңгеме жүргүзүшөт.*<br>*2)Элестетүү жөндөмдүүлүгү, ой жүгүртүүсү, сөз байлыгы, сүйлөө кеби өнүгөт.*<br>*3)Адептүүлүккө, эмгекке, намыскөйлүккө, улуулардын айткандарын убагында аткара билүүгө, жолдоштору менен туура мамиледе болууга тарбияланышат.* | **Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:**<br>*1) Чыгарма менен таанышса, маанисин түшүнсө. Мугалимдин айткандары боюнча жалкоолук жаман сапаттардын бири экенин түшүнсө. Текстти көркөм, шар окууга машыкса. Суроо-жооп иретиндеги аңгемеге катышса.*<br>*2)Элестетүү жөндөмдүүлүгү, ой жүгүртүүсү, сөз байлыгы, сүйлөө кеби калыптанса.*<br>*3)Адептүүлүккө, эмгекке, намыскөйлүккө, улуулардын айткандарын убагында аткара билүүгө, жолдоштору менен туура мамиледе болууга тарбияланса.* |

**Сабактын жабдылышы:** (Ресурстар)
*Темага карата көрсөтмөлөр, карточкалар.*

**Сабактын жүрүшү:** *1.Уюштуруу.Мугалим окуучуларга каалоо тилек айтуу менен сабакты баштайт. (Жагымдуу маанай).*
*2. Өтүлгөн теманы кайталоо.* *3.Жаңы тема.*

| Мугалимдин иш аракети: | Окуучулардын иш аракети: |
| --- | --- |
| *Сабактын темасын максатын айтат жана түшүндүрөт.* | *Окуучулар сабактын темасын жана максатын угат, түшүнүшөт.* |

***Өтүлгөн маалыматтарды кайталоо (3-5 мин).***

| | |
| --- | --- |
| *Жалпы класска төмөнкүдөй суроолор менен кайрылат:*<br>*-"Өзүңүкүн кандай аясаң, өзгөнүкүн да ошондой аягын" деген макалды кандай түшүндүңөр?*<br>*-Кушубек менен Тилекке кандай кеңеш айтар элеңер?* | *Окуучулар суроолорго жооп беришет. Эгер жооп туура эмес болуп калса калган окуучулар тактайт, толуктайт.* |

| | |
|---|---|
| ***Жаңы теманы түшүндүрүү (5-7)*** | |
| *"Өкүнүч, Көрсө" чыгармалары аркылуу окуучуларга жалкоолуктун жаман сапат экенин текстти оуп берүү менен түшүндүрөт. Текстти шар, көркөм окуп, суро-жооп иретинде аңгеме жүргүзүүгө тапшырма берилет.* | *Чыгарманын мазмунун түшүнүп, берилген суроолорго так жооп берет. Текстти шар окуйт. Өз оюн эркин билдирет. Билгендерин кошумчалап ой бөлүшөт. Топто иштөөдө өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтө алат. Сабакка болгон кызыгуусу артат.* |
| ***Эки-экиден иштөө. (15мин).*** | |
| *Мугалим окуучуларга чыгарманы кезектешип окуу менен түшүнүк-төрүн айтып берүүгө, суроо-жооп иретинде аңгеме жүргүзүүгө тапшырма берет.* | *Окуучулар берилген тапшырма боюнча топто иштешет. Суроо-жооп иретинде аңгеме жүргүзүшөт.* |
| ***Тема боюнча тыныгуу (5 мин)*** | |
| *Мугалим окуучуларды эс алдыруу максатында көнүгүү жасатат. (Көнүгүүнү мугалим өзү ыңгайына жараша тандап алса болот).* | *Окуучулар көнүгүү жасашып, маанайлары көтөрүлөт.* |
| ***Талкуулоо үчүн суроолор (5-10 мин).*** | |
| *-Керим жалкоолугу менен кимдерди нааразы кылды?*<br>*-Анын кылганы туурабы?*<br>*-Алымдын Керимден кандай айырмасы бар экен?*<br>*-Силер ата-энеңердин айтканын дароо аткарасыңарбы?* | *Окуучулар суроолорго жооп беришет. Калган окуучулар тактап толукташат.* |
| ***Сабакты жыйынтыктоо (2мин.).*** | |
| ***Үйгө тапшырма берүү (1мин).***<br>***"Жакшыга-бир сөз, жаманга-миң сөз" деген макалдын маанисин чечмелөө*** | |
| ***Баалоо (3мин).*** | |

**Текшерилди: ОТИ боюнча завуч** ________

К.Дербишев атындагы Талды-Булак жалпы билим берүү орто мектеби

## 4-класс

## Ачык тарбиялык саат

# Тема: “Китеп-биздин досубуз”

Мугалим: Кутманалиева С.Р.

**Тема:**” Китеп –биздин досубуз”.

**Максаты:** 1.Окуучулардын патриоттук эстетикалык сезимин тереңдетүүдө

Китептин ролун түшүндүрүү,китеп окуунун маданиятына үйрөнүшөт,

Китеп эмнеден жасаларын ,анын келип чыгыш тарыхын ал билим булагы

экендигин билишет,аны баалай,сактай билүүгө жана аяр мамиле жасоого

үйрөнүшөт.Китепти жакшы сактоого,таза кармоого,китепти сүйгөн окуучулардан болууга тарбияланышат.

**Жабдылышы:** сүрөттөр,макалдар,DVD,диск китеп көргөзмөсү,проектор.

**Жүрүшү:** а) Уюштуруу иши.

**Мугалим:** Саламатсынарбы,бүгүнкү “Китеп- биздин досубуз”аттуу тарбиялык саатыбыздын коноктору жана катышуучулары.Анда эмесе 4- класстын окуучулары тарабынан даярдалган кечени ачык деп жарыялайбыз.

Кыргыз Республикасынын Гимни ырдалат.

Китептердин төл башы болгон,бизге тамгаларды үйрөтүп,китеп окууга жол ачкан “Алиппе”китебине рахматыбызды айтабыз.

1-окуучу: Китеп –менин тунук таза булагым,
Китеп-менин өчпөс жарык чырагым.
Көптү окуп,көптү билип китептен,
Мекениме талбай кызмат кыламын.

2-окуучу: Китепти сүй,баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.

3-окуучу: Китеп керек айылга да,шаарга,
Китеп керек балага да,карыга.
Китеп жардам берет баарына.

**Хор:** “Китеп”

**Мугалим:** Өзүңөр ырдап өткөндөй биздин акылыбыз,жакыныбыз болгон китеп эмнелерден жасалат?

4-окуучу: Китеп кагаздан,ал эми кагаз жыгачтан жасалат.Китепти жасоого көп эмгек жумшалат.Ошондуктан китепти этияттап урунуу керек.

Китептин эмнеден жасаларын телевизордон көргөзүү.

**Мугалим:** Китепти жасаш үчүн көп эмгек талап кылынат экен.Китептин келип чыгыш тарыхын айтып бергилечи.

5-окуучу: Россияда китеп басып чыгаруу 1564-жылы башталган.Биринчи китеп басып чыгаруучу Иван Федоров деген киши болгон.

6-окуучу: Бүт жумуш кол менен аткарылган.Ошондой басмаканадан чыгарылган китептердин саны аз болгон.Азыр болсо бир күндө бир нече миңдеген китептерди чыгарышат.

**Мугалим:** Көрдүңөрбү,балдар,биринчи китеп бизге чейин кол менен аткарылгандыктан силерге окшогон балдарга китеп жетишсиз болгон.Азыр силер китептин түрлөрүн окуп жатасыңар заманыбыздын бактылуу балдарысынар.Андыктан китепти барктай билүү керек.

1-окуучу: Мына ушул алтын китеп,

Адамзат ушундан ар кыл акыл күт.

Бул китепти окуган

Айга,күнгө да жетет.

2-окуучу: Билим ени китеп,

Тарбия кени мектеп.

Ким китепти көп окуса,

Ал көптү билет.

3-окуучу: Китептен биз билебиз бардыгын

*Китеп бул түгөнбөгөн билим кенч*

Китепти көп окуган көптү билет

Андыктан аны барктай билүү керек.

4-окуучу: Китеп бизге чын жолдош

Китеп бизге анык дос

Пайдаланып китептен

Акылыңа акыл кош.

**Инсценировка:** "Эки китептин маеги "

**Мугалим:** Кана,балдар жандырмагын тапкылачы ким китептин душманы?

**" Китептин душманы "    Алыкул Осмонов.**

**Окуучулар:** Ким китепти кирдетсе

Китеп баркын билбесе

Жулуп алып барагын

Орой салса бир нерсе

Ал-китептин душманы.

Ким китепти сүйбөсө

Кадырына күйбөсө

Барактарын шарт айрып

Калжаң кулжаң сүйлөсө

Ал-китептин душманы.

Ким китепти кордосо

Ырайымы болбосо

Сүрөттөрүн уурдаса

Уурдап көнгөн колдорго

Ал- китептин душманы.

Бардыгынан ким жаман?

**Окуучулар:** Китепти жырткан шум жаман

Китепти сүйгөн балдардан

Наалат алсын ал адам

Ал-китептин душманы

**Сценка:** “ Атасы менен баласы “

**Акыйнек айтуу:** “Мекен таануу китеби менен математика китебинин акыйнеги “

**Макалдар:**1. Билими күчтүү миңди жыгат,

Билеги күчтүү бирди жыгат.

2.Китеп-билим булагы,билим-өнөр чырагы.

3.Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.

4.Ким көп окуса,ал көптү билет.

5.Китепсиз билим жок,билимсиз өмүр жок.

Учкул сөздөр:

1.Китеп окуган, эч нерсе окубаган адамдан алда канча жогору турат.

В.Г.Белинский.

2.Адамдар китеп окуганды таштаса,анда алар ойлонуудан да калат.

Д.Дидро.

3. Билимден ашкан күч жок.

М.Горький.

4.Бул кылымда китептен сүйүктүү дос жок.

А.Навои.

Класстер түзүү.

-Китеп бизди эмнеге үйрөтөт? Китеп билим берет,тарбиялайт.

-Кайсы убакта окуу керек?

Мектептен келип тамактанып,бир аз эс алып анан окуу керек.Биринчи сага жеңил деген сабактардан баштоо керек.45-50 минут иштеп анан эс алыш керек.

Окуучулар жайкы мезгилде окуган китептери жана тарткан сүрөттөрү жөнүндө айтып беришет.

Проектордон слайд көрсөтүү.

Китеп көргөзмөсү менен тааныштыруу.

**Хор:** " Мектебим ".

**Жыйынтыктоо :** Балдар,бүгүнкү тарбиялык саатыбыз айтып тургандай эң жакын досуңар китеп болушу керек.Китеп аркылуу биз дүйнөнү таанып,турмуш сырын ачабыз.Китеп бизди адептүүлүккө,ыймандуулукка,сылыктыкка,маданияттуулукка тарбиялайт.Андыктан биз китепти барктап,таза күтүп,сүйүп окуйлу.

К. Дербишев атындагы
Талды - Булак орто мектеби

# Класстан тышкаркы предметтик иш

## Тема: Кыргыздын бир тукуму, көчмөн элдин кулуну, таланттуу акын - Турар Кожомбердиев

Мугалим: Исмайылова С.Д.

# Тема: Кыргыздын бир тукуму, көчмөн элдин кулуну, талanттуу акын –Турар Кожомбердиев

Максаты:

1. Акындын өмүрү жана чыгармачылыгы, замандаштарынын эскерүүлөрү жөнүндө билишет.

2.Эсте сактоо, кабыл алуу, ойлоо жөндөмдүүлүктөрү артат. Көркөм, так айтууга машыгышат.

3. Акындын чыгармачылыгын баалоого, адептүү, ак ниет, эмгекчил, калыс болууга үндөйт.

Жабдылышы : китептер, түстүү сүрөттөр, ырлар, ТСО.

Жүрүшү:

Сабактын мерчеми

1. Кириш сөз
2. Акындын өмүрү жана чыгармачылыгы
3. Замандаштары эскерет
4. Жыйынтыктоо

1. Кириш сөз

,,Табийгатынан кудуреттүү" жаралган таланттар болот. Алгачкы кадамынан поэзия дүйнөсүнө шыр кирип, шар өткөн ошондой күчтүү таланттардын бири- Турар. Табийгаттын таң каларлык ырчысы жердеш акыныбыз 75 жашка чыкмак

....Кыргыздын ыр көлүнө шыңгырап куюлуп турган тунук булак, күн аптапта жээгине жата калып, каңгычы шимирип турган ажайып булак.

Сүйүнбай Эралиев

.....Турар кубанычтын, аруунун, сүйүүнүн акыны.

Токтоболот Абдумомунов

.....өз оюнан кайтпаган, бир сөздүү, кадимки жомоктогу баатырдын белгилери көрүнүп турар эле Майрамкан Абылкасымова

,,Турар туулганда апабыз ырым- жырымдап, бир эмчегин жаңы туулган күчүккө эмизип, балдары көп чарчап жүрөгү үшүп калган неме, наристенин өмүрү узун болуп турар бекен деп Турар койгузган. Апабыз Гүлнаар 44 жашында дүйнөдөн кайтыш болгон. Ошондо Турар 4 жаштагы чагы. Турар, бир жагынан, кичинесинен топ жарган тентек, эрке, шок болсо, экинчи жагынан, ак көңүл, ишенчээк, жандан башкача боорукер болгон"

1 мүнөткө эскерүү

Акындын өмүрү жана чыгармачылыгы.

Өмүрүм өмүр үчүн күйүп бүтөт.
Өлүмгө бир тамчы да калбай калат

Турар Кожомбердиев 1941-жылы 22-июнда Жайыл районундагы Сары-Булак айылында туулган. 1953-жылы Сары-Булак орто мектебинин башталгыч класстарын бүтүргөн. 1959-жылы борбордогу А.С.Пушкин атындагы №5 кыргыз орто мектебин бүткөн.

1961-жылы алгачкы ырлар жыйнагы ,,Көлчүктөгү ай" деген ат менен жарык көргөн. 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн. 1970-жылы Кыргызстандын Ленин комсомолу атындагы сыйлык ыйгарылган. 1989-жылы 30-январда дүйнөдөн кайткан. 1990-жылы 25-июлда Кыргыз ССР Министрлер советинин 232-токтому менен Сары-Булак айылындагы орто мектепке акындын ысымы берилген.

Кара-Балта шаарында акындын ысымындагы чоң көчө бар.

Кыргыз элден ажал эмне сурабай,
Алып кеттиң алп акынды, кудай ай!
Эми шаңдуу, шаттуу ырлар ким жазат
Бычырайбы биз жактырган ,,Көлчүктө ай?"
...Татаал жолду тандап алгам тил албай, тартып келем
чыгарманын азабын Таасын ойду кайырмакка илалбай.
,,Көлчүктөгү ай" (1961)китебиндеги балдарга арналган ырлары.

1. Көлчүктөгү ай
2. Кылганы кызык
3. Кызык
4. Ким эмне дейт
5. Ким эмнеден коркот
6. Борс күчүк

,,Таңкы симфония" (1961-жыл) китебинен

Өчүрбөстөн жүрөктөгү жалынды,
Баягыдай жакшы кайтар малыңды.
Сен да атаке кандай оор жүк болсун,
Калкым үчүн тосуп берем далымды

1.Атама.

Жаш кезимден көрбөй калдым энемди,
Тентек чыктым эч бир билбей ченемди
Бирок дагы мага колуң тийген жок,
Бир жолу да уккан жокмун жемеңди.

2. Өлсөң деле маңдай жашың жарыктыр
Таштын боорун жашыл чөптөр жарыптыр
Өмүр бою нан кармаган колуңан,
Бейитиңе буудай өсүп калыптыр
Мээримине суусаганда апаңдын
Жытын искеп жамынамын чапанын
Бир ырымды окубадың апаке
мен ушуга абдан- абдан капамын

,,Апа"

Энени сыйлабоо укмуштуудай чоң күнөө
Сен жөнүндө баштарымда ыр ырдап,
Сөздөр жыйнап, чегирткедей чырылдап,
Сөздөр чууруп, кумурскадай капташып,
Жылдыз сымал бийиктерден жымыңдап

3. Күн. Жер. Жүрөк (1970-жыл)китебинен
Кечир эже көңүлүңдү канатсам
Жүрөгүңө капалыкты таратсам
Жарымысы сеники деп эсептейм
Мен турмушта кандай чоң иш жаратсам

Экинчи энем Уулчага

Сен билесиң карамды да, агымды,
Бул дүйнөдө ачкансың багымды.
Качан болсо энем болгон эжекем,
Көрө билдиң жалаң жакшы жагымды.

4. Хор: ,,Күн чыгышым"

Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтаар сөздү миң кайталап белендеп.
Күн чыгышым сени күтөм зарыгып,
Анык беле айткан сөзүң келем деп.

Тоонун суусу аңтарылып иримдеп,
Дарак ырдайт жалбырагы дирилдеп.
Күн чыгышым келсең боло күттүрбөй,
Салааланып, саамай чачың бириндеп.

,,Кызыл алма"   (1965-жыл) китебинен

Тамчы жаш

(Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жоокерлерге)

............Дары жыты кан жытына аралаш жеңген учур, кандай кымбат кандай аз!

6. Кыргыздар

Кыргыздар ыр жараткан ырга закым!
Кыргыздар ыр канатчан, ырга жакын.
Кыргызга коюндашып кучакташкан,
Кайкалап учуп чыгат болуп акын.

7. Ысык-Көл

Энедей бети бырыш. Сагынганым!
Тыңшаймын жүрөгүнүн кагылганын.
Миздерин жылтылдатып кылыч кылып,
Канымда кармап турат чагылганым.

8. Сары-Булактагы түн

Күн батып, караңгылык өкүм сүрөт,
Салкын жел эркелетип беттен сүйөт.
Сүйгөнүм, учкан уям Сары –Булактан.
Балбылдап Ильич шамы жаңы күйөт ,,ыр булак"  (1984-жыл) китебинен
9. Байлык

Упчу соргон
Чыпалактай кызым бар
Ушу менин:
Түгөнбөгөн байлыгым ,,Кызыл алма"  (1965-жыл) китебинен

Түнкү серенада.   Хор

Экөөбүздүн сүйүүбүз эчак өлгөн.
Экөөбүздүн сүйүүнү, өзүң көмгөн,
Солк эттим, кезигишип капыс жерден,
Чымчыктай уясынан жылан көргөн

11. ,,Ыр булак" (1984-жыл) китебинен

Кыргыз үнү

Чыңгыз Айтматовго

Бийик -бийик ашуулардан өтүптүр,
Бир эл эмес, бүт элдерге жетиптир.
Жалгыз эне төрөсө да бир кезде,
Жалпы баарын нурлуу кылып кетиптир.

12. Шумкар гана басып өтөт

Жолон Мамытовго

Толгон эл тойлоп жыргап, түзүк өтөт.
Томояк ашка тойбой, үшүп өтөт.
Тойгонго ыраазыбыз далайыбыз.
Толкунду шерлер гана сүзүп өтөт.
Дүйнөдөн семиз өтөт, арык өтөт.
Даңгырап менуар өтөт, карып өтөт.
Токтолот далай пенде көмөчүнө,
Тоскоолду шумкар гана жарып өтөт!

13. ,,Ыр булак"(1984-жыл) китебинен

Хор- ,,Кумар көз"

Добушуң күмүш сымал,
Жагымдуу шыңкылдаган.
Саамайың кундуз сымал,
Кулпунуп, шыңкылдаган.
Жибектей назик селки,
Сүрдөнтүп көз карашың .
Жигиттер ашык болуп,
Жүрөктөр зырпылдаган
Самайбыз бир көрүүгө,
Саргайып эзилебиз
Сагалап арттан ээрчип.
Сабактан кечигебиз.
Ансайын алыстайсыз
Ан сайын керилесиз
Адамдын колу жеткис

Аскадай сезилесиз.
Апаппак жел кайыктай,
Алыста калкылдаган.
Күн тийген зоока сымал.
Күзгүдөй жалтылдаган.
Кумар көз карындашым.
Курдаштар ашык болгон.
Кубулжуп добушуң ай.
Кулакта шыңкылдаган

Замандаштары эскерет

........Өмүрдөн, бул жашоодон жадагансып,
Өтүштү Жолон, Турар катар учуп.
Ата Журт ыры аңгырай түшкөнсүдү,
Кеткендей бир кезекте Жоомарт, Жусуп.

а) Сооронбай Жусуев

б) Субайылда Абдыкадырова

в) Түмөнбай Байзаков

г) Нурпаис  Жаркынбаев

д) Аман Карыбеков

Айла жок да, мейли кыска жашасын.
Калтырыптыр ыр саптардын тазасын,
Түрүүлөрдүн катарында калдайып.
Басып жүрөт, ачып коюп жакасын.

Казакбай Абдышев

Хор: Жаштык

Жыйынтыктоо: Турар жеке эле мыкты акын гана эмес, өзүнүн көлөмүнө жараша кең пейил жакшылыктын бөлөктү каалабаган мээримдүү, калыс, ойчул, тапкыч адам эле деп эскерип келебиз. Биз аны тоолор менен бирге жашатабыз. Жакшы сапаттары менен кыйбас, сырдуу да, кымбат да.